**«БЕКИТЕМИН»**
НМУнун Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы, ректор, профессор
_________ Омуралиева Д.К.
«26» ______ май ______ 2016-жыл.

С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин 550600 - «Көркөм билим берүү» багытына кабыл алуу сынактары жөнүндө

**ЖОБО**

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин 4-февраль, 2016-жылдагы №124/1 буйругу менен бекитилген «Абитуриенттерди кабыл алуу учурунда жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары зарыл эмес багыттардын жана адистиктердин тизмесинин» жана КР Өкмөтүнүн 27-май, 2011-жылдагы №256 Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартибинин» негизинде иштелип чыкты.

2. НМУнун 550600 – «Көркөм билим берүү» адистигине тапшырып жаткан абитуриенттер үчүн Кыргызстандын тарыхы жана кыргыз (орус) тилдери боюнча кабыл алуу сынактары, андан тышкары абитуриенттердин чыгармачылык жөндөмүн аныктоо үчүн кабыл алуу сынагынын кошумча түрү – сүрөт өнөрү боюнча экзамен уюштурулат.

3. «Көркөм билим берүү» адистигинин кабыл алуу сынактарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн НМУнун ректорунун буйругу менен бекитилген атайын экзамендик комиссия түзүлөт.

4. Экзамендик комиссия сүрөт өнөрү боюнча экзамендин тапшырмаларын жана абитуриенттердин экзамендик иштерин баалоонун критерийлерин иштеп чыгат, экзаменди уюштуруп-өткөрүүгө катышат жана экзамендик иштерди текшерип, баалайт.

5. 550600 – «Көркөм билим берүү» адистигинин тарых жана кыргыз (орус) тили боюнча кабыл алуу сынактарында жалпы республикалык тестирлөөнүн сертификаттары эске алынат. Эгерде абитуриент жалпы республикалык тестирлөөдө тарыхтан жана тилден (негизги тесттен) өтүү баллынан жогорку балл алган болсо, анда тиешелүү предмет боюнча сынактан бошотулат да, ал сынакка ЖРТнын баллы коюлат. Эгер ЖРТнын баллдары өтүү баллынан төмөн болсо же абитуриент ЖРТга катышпаган болсо, анда абитуриент тиешелүү предметтер боюнча кабыл алуу сынактарына киргизилет.

6. Кыргыз (орус) тили жана Кыргызстандын тарыхы боюнча сынактар тестирлөө формасында өткөрүлөт. Бул сынактарга сүрөт өнөрү боюнча экзаменден өткөн абитуриенттер киргизилет.

7. Сүрөт өнөрү боюнча кабыл алуу экзаменинде абитуриенттер жөнөкөй графикалык натюрморт аткарышат жана аткарылган ишти экзамендик комиссияга өткөрүп беришет.

8. Сүрөт өнөрү боюнча кабыл алуу экзаменинин узактыгы 80 мүнөттү түзөт.

9. Аталган экзаменге киргизилген абитуриенттер төмөнкүлөрдү өзү менен кошо ала келиши керек:

- А3 форматындагы кагаз;
- Жумшак карандаш;
- Өчүргүч.

10. Абитуриенттер экзамендик комиссияга графика жана живопись боюнча мурун аткарылган иштерин тапшыра алышат.

11. Экзамендик комиссиянын баалоо ведомостунун жана адистикке берилген орундардын негизинде Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин түзүп, НМУнун ректоруна тапшырат. Орундарга конкурс болгон учурда аталган үч сынак боюнча бааларынын суммасы жогору болгон абитуриенттер кабыл алууга сунушталат. Баалардын суммасы бирдей болгон учурда сүрөт өнөрү боюнча экзамендин баасы чечүүчү болуп эсептелет.

12. Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесинин негизинде НМУнун ректору НМУнун аталган адистигине кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарат.